**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ АЙМАКТЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖ**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМ** |
| ПК[illegible]нын төрайымы | ОАМКнын директору |
| [illegible] А.Н. ____________ | Юлдашева С.Э.__ |
| № ____ протоколу | |
| ____________________ 2025-ж. | «___» __________2025-ж. |

# СТУДЕНТТЕРДИН ЖАЙКЫ СЕМЕСТРЛЕРИН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**ОШ-2025/26-жж.**

## Студенттердин жайкы семестрларин уюштуруу жөнүндө

## ЖОБО

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул жобо Ош аймактык медициналык колледжининдеги «Окутуунун регламенти» (Протокол №4 30.10.2021ж.), «Студенттердин билимдерин баалоо модулдук-рейтингдик системасын критериялары жөнүндөгү жобонун» (Протокол №4 30.10.2021 ж.) негизинде иштелип чыккан.

Жобо бекитилип күндөн баштап колледждин структуралык түзүмдөрүндө студенттердин жайкы семестрин уюштурууда жетекчиликке алынат.

1.2. Жайкы семестр (ЖС) - окутуунун кредиттик технологиясысынын шартындагы окуу процессинин негизги түзүүчүлөрүнүн бири болуп саналат.

1.3. ЖСны өткөрүүнүн эрежелери жана шарттары ар жылы ЖСга катышууга келип түшкөн арыздардын санына жараша болот.

1.4. ЖС студенттин арызы боюнча кошумча дисциплинаны үйрөнүү, академиялык карыздары жана академиялык айырмаларды (бүтүрүүчү курстан сырткары) жоюу максатында уюштурулат.

1.5. ЖСге катышуу билим берүү ишмердүүлүгүнүн төмөнкүдөй түрлөрүн ишке ашырууну болжойт: академиялык карыздарды жоюу максатында консультацияларды алуу; -окуу планда каралган окуу дисциплиналарды өздөштүрүү

1.6. ЖС үчүн акы толоо төмөнкү формула менен аныкталат:

**Келишимдик төлөм (Ксумма/60)* кредиттик  дисциплина**

Мында, контракттык төлө м-ЖС үчүн төлөм акы;

Кредиттик дисц.-ЖС окулуучу дисциплина боюнча кредит саны;

Ксумма-студент окуган багыттын жылдык контракт суммасы.

1.7. ЖСны уюштуруу ушул Жобонун эрежелери боюнча жонго салынат жана жүргүзүлөт.

**2. Жайкы семестрге катышуунун шартары**

2.1. ЖСте катышуу укугуна төмөнкү студенттер ээ (бүтүрүүчү курстан сырткары) болушат:

- дисциплина боюнча рейтингдин (модулдун) жыйынтыгында сынакка киргизилбей калган;

AnyScanner

- сынактын сессиянын жыйынтыгында академиялык карызга ээ болгон;

- тикелоо, башка окуу жайдан которуу же академиялык өргүүдөн кайткан учурларда келип чыккан академиялык айырмаларга ээ болгон,

- кошумча кредитти үйрөнүүнү каалаган.

2.2. Кошумча кредиттерди үйрөнүүнү каалаган студентке окуу жай төмөнкүдөй учурларда укук бериши мүмкүн

- студент кийинки курска академиялык карызы болсо; которулган тайпа кирешелүү болгондо, б.а. тайпада 12 кем эмес студент болсо.

2.3. Кошумча кредиттердин саны 4 кошумча курстан ашпастыгы керек,

2.4. Кошумча курстан кредит алуу жылдык GPAнын негизинде төмөнкү эрежеге ылайык аныкталат:

- Эгерде **GPA>**=В болсо, анда студент 4 кошумча курстан кредит алат,

Эгерде **GPA>**-В- болсо, анда студент 3 кошумча курстан кредит алат:

- Эгерде **GPA>**-С-болсо, анда студент 2 кошумча курстан кредит алат.

**Эскертүү: GPA** (Grade Point Averege)- студенттин жетишкендиктерининин деңгээлинин орточо эсептелинген баасы. Студенттин орточо баллы ар семестрдин жана окуу мөөнөтүнүн аягында окуунун жыйынтыгы боюнча томондогу формула менен эсептелинип чыгылат:

GPA= 21 п кредит балл

2. и кредит балл

Мында, и семестрдеги дисциплиналардын санын билдирет.

**3. Жайкы семестрге каттоо процесси**

3.1. ЖСге жазуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:

Студент ЖСдин башталышына 14 күн калганга чейин методистке ЖСга жазылуу тууралуу арыз бериши керек;

Методист жайкы сессиянын жыйынтыгы боюнча түшкон арыздарды карап чыгып, ЖСга катышуучулардын тизмесин түзөт жана ЖСны уюштуруу тууралуу Директордун наамына билдирүү даярдайт.

Методист тайпаларга жараша ЖСдин жадыбалын түзөт жана студенттер

тиешелүү акыны тологондон кийин жадыбалды окуу иштери боюнча директордун орун басарына бекиттирет,

AnyScanner

Жадыбалды түзүүдө ЖСге тартылган окутуучунун бош убактысы эске алынат.

3.2 ПЦК башчысы ЖСга карата окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн түзүп, окуу иштери боюнча директордун орун басарына сунуштайт жана бекиттирет.

3.3. Методист ЖСнын мөөнөтү жана шарттары тууралуу анын башталышына 1 апта калганга чейин студентке билдирет.А

## 4. Жайкы семестрди уюштуруу

4.1. Жайкы семестр (ЖС) акы төлөөнүн негизинде директордун буйругу менен уюштурулат.

4.2. ЖСдин мөөнөтү окуу процессинин графиги (академиялык календарь) аркылуу аныкталат жана 6 (алты) аптага чейин болот.

4.3. ЖСде үйрөнүүгө мүмкүн болгон кредиттердин максималдык саны 15 кредитти түзөт.

4.4. ЖС модулдук-рейтинг системасына (МРС) ылайык жүргүзүлөт.

4.5.ЖСде үйрөтүлө турган сабак боюнча билимдин жыйынтык баасын ЖСде сабак (лекция) откон окутуучу жүргүзөт.

4.6 Кафедра башчысы жана окуутуучу өтүлүүчү дисциплинага жооп берет.

4.7. Жеде окутууну уюштурууну каржылоо ага катышуучу студенттин жебинен

окутуунун формасынан (грант, келишимдик) коз карандысыз жүргүзүлөт.

5. Жайкы семестр учурундагы өздөштүрүлгөн билимдерди көзөмөлдөө

5.1. ЖСде окуу процессин козомддоөнүн бардык түрлоро (жетишүүнү учурда жана чектик коомолдоо, оозеки формада аттестациялоо, жазуу жүзүндогу сынак же тестирлөө) колдонулат.

5.2. Студенттердин ЖСдеги жетишүүлөрү билимдери баалоонун тамгалык системасы

боюнча боюнча жүргүзүлөт.

5.3. ЖС учурундагы өздөштүрүлгөн дисциплина боюнча сынактын жыйынтыктары ушул окуу жылындагы өтүлгөн курс үчүн курстан курсака көчүрүү баллын (GPA) эсептөодо

эске алынат. 5.4. ЖС учурундагы академиялык карызы же академиялык айырмасы (тикеленүү,

которулүү же академиялык өргүүдөн кайткандагы) болгон дисциплина боюнча сынактын жыйынтыгы ушул окуу жылынын курстан курска көчүрүү баллына кирет.

ГКД ПЦКнын төрагасы — Папишова А.Б.

ОАМКнын директору — Юлдашева С.Э.